КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН
Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

Ж.БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ

**Д.10.13.012 Ведомстволор аралык Диссертациялык кеңеш**

Кол жазма укугунда
УДК: 894.2.341 (575.2) (043.3)

**Өмүров Бактыяр Жанышбекович**

# КЕҢЕШ ЖУСУПОВДУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ИЗДЕНҮҮЛӨРҮ

10.01.01 - кыргыз адабияты

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

БИШКЕК – 2014

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун кыргыз адабияты бєлїмїндє аткарылды.

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчиси:** | филолология илимдеринин доктору, профессор<br>**Акматалиев Абдылдажан Амантурович** |
| **Расмий оппоненттер:** | филолология илимдеринин доктору, профессор<br>**Байгазиев Советбек Орозканович**<br>филолология илимдеринин кандидаты, доцент<br>**Карымшаков Санарбек** |
| **Жетектєєчї мекеме:** | К.Тыныстанов атындагы Ысык-Кєл мамлекеттик университетинин филология факультетинин кыргыз адабияты кафедрасы,<br>дареги: Каракол ш., Ж.Абдрахманов кєчєсї, 103 |

Диссертациялык иш 2014-жылы 28-ноябрда саат 13.00дє филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу їчїн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана КРУИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу тїзїлгєн Д.10.13.012 Диссертациялык кеўештин жыйынында корголот.

Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чїй проспектиси, 265а.

Диссертация менен КРУИАнын илимий китепканасынан таанышууга болот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чїй проспектиси, 265а.

Автореферат 2014-жылдын 27-октябрында таратылды.

**Диссертациялык кеўештин**
**окумуштуу катчысы, филология**
**илимдеринин кандидаты, доцент** **А.Кадырмамбетова**

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Кыргыз жазма адабиятынын калыптануу, өнүгүп-өсүүдөгү басып өткөн тарыхый жолунда XX кылымдын 60–80-жылдарында адабий майданга келип кошулган калемгерлердин чыгармачылыктары менен адабий процесстеги жандануу мейли поэзияда болсун, мейли проза же драматургияда болсун, эң жогорку деңгээлге көтөрүлгөндүгү баарыбызга маалым.

Бул бийик деңгээл, биринчиден, коомдук-саясий турмуштук шарттар менен түшүндүрүлсө, экинчиден, улуттук адабий өнүгүүнүн ичтен жетилүүсү, адабий-чыгармачылык тажрыйбанын артылуусу катары каралат. Экинчи дүйнөлүк согуштун кейиштүү сабактарынан кийинки эл аралык мунасага келүүчүлүктөрдүн түздөн-түз таасиринде интенсивдүүлүк менен өнүгө баштаган саясий, маданий, социалдык-экономикалык интеграция жана мындай көрүнүштөрдүн шарапаты менен өлкө ичинде жүргөн жаңылануулар, бийлик системасындагы өзгөрүүлөрдүн фонунда улуттук адабият майданына келип кошулган жаңы муун өздөрү менен кошо кыргыз адабияты үчүн жаңы адабий-эстетикалык табылгаларды, жаңылыктарды, ийгиликтерди алып келишти.

«Көркөм адабият бул жөн эле аморфтуу жалпылык, өзүнчө эле стихиялуу жүрүп отурган процесс эмес. Ар бир улуттун адабияты, барып-келип, ошол феномени жараткан жана жаратып жаткан жекече чыгармачыл инсандын өздүк салымына, көркөмдүк ачылгаларына жараша болот. Көркөм процесстин диалектикалык татаалдыгы мына ушунда турат: жазгычтын баары эле чыгармачыл инсан боло бербейт. Бул даражага жетүү чыгармачыл инсандын аң-сезимдүү түрдө өзүн-өзү таанып-билүүсүнө байланыштуу» [Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. – Фрунзе: Илим, 1987. Т.1. – 518–519-б.] – деп белгилүү адабиятчы К.Асаналиев акыйкат белгилегендей, улуттук адабияттын өнүгүп-өсүш динамикасы, жетишкендиктери аны жаратуучу жана өнүктүрүүчүлөр болгон акын-жазуучулардын жекече салымдары менен түздөн-түз байланыштуу. Адабий чыгармачылыкта өз жолун таап, улуттук адабий казынага өүнүн азыноолак салымын кошуп, окурман журтчулугуна таанылa алган жазуучунун жеке чыгармачылык өзгөчөлүгүн, изденүү жолундагы жетишкендиги менен кемчиликтерин, «чыгармачыл инсандын аң-сезимдүү түрдө өзүн-өзү таанып-билүүсүн» (К.Асаналиев) иликтөө, аныктап-тактоо – адабияттаануу илиминдеги дайыма актуалдуу маселелерден.

К.Жусупов өзүнүн өмүрүн жазуучулук менен, изилдөөчүлүк түйшүк менен ажырагыс биримдикте карап, өзүнүн дараметин кара сөздүн ар кыл жанрларында сынап, тематикасы ар түрдүү болгон ийгиликтүү чыгармаларды жарата алган. Анын калемине таандык «Жашоо кумары» (1965), «Каралдым тоолор» (1967), «Микеланжело мекенинде» (1968), «Жүрөгүм менин тоолордо» (1972), «Ыр сабындагы өмүр» (1974, 1980), «Ата-Журт» (1977), «Күлгүн курак» (1979), «Кан жолдогу ойлор» (1982), «Тоолуктар баяны» (1984), «Тулпар»

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

(1988), «Сапар китеп» (1991), «Манас: Балдар үчүн» (1995), «Байыркынын издери» (2002), «Кыргыздардын байыркы маданияты» (2006), «Жаншерик» (2007) аттуу аңгеме-повесттердин, публицистикалык чыгармалардын жыйнактары окурмандарга сунуш кылынган.

Жазуучунун кыргыз адабиятынын тарыхында алган орду, чыгармачылык жетишкендиктери тууралсында адабиятчы-сынчылар, окумуштуулар, калемдештери өзүлөрүнүн байкоолорун, пикирлерин айтып келишкен. Мисалы, К.Укаев «Жаңы калем, жаңы нук» (Кыргызстан маданияты, 1967), Р.Сарыпбеков «Айыл меймандын көзү менен» (Ленинчил жаш, 1980), М.Гапаров «Эске түшкөн элестер» (Кыргызстан маданияты, 1987), А.Жакыпбеков «Ой тереңи – мүдөөсү» (Кыргызстан маданияты, 1987), С.Жигитов «Кара сөздүн акыны» (Ленинчил жаш, 1987), О.Айтымбетов «Ыр сабындагы өмүр» (Кыргызстан маданияты, 1975), О.Сооронов «Өмүр жөнүндө баян» (Кыргызстан маданияты, 1975), А.Акматалиев «Жаншерик – достук дастаны» (Адабий Ала-Too, 2007), А.Садыков. «Кеңеш Жусупов» (Китепте: «Кыргыз залкарлары». 9 томдук изилдөөлөр. - 7-том, Бишкек: Бийиктик, 2012) ж.б. Ошондой эле адабияттын тарыхына, ар кыл адабий-теориялык маселелерине арналган илимий изилдөөлөрдө да башка жазуучулар менен катар К.Жусуповдун чыгармаларына да кайрылуулар болгон. Мындан сырткары «Кыргыз адабиятынын тарыхынын» 7 томдугунда адабиятчы А.Кадырмамбетова тарабынан (Бишкек, 2002, 7-том) портреттик макала жазылган.

Азыркы илимдеги интеграциялык байланыштар, адабият таануу илиминин учурдагы өнүгүшү, коомдун нарктык-баалуулук дөөлөттөргө болгон көз карашы сыяктуу түзүлгөн объективдүү шарт-жагдайлар улуттук рухий дөөлөттөрүбүздү кайрадан карап чыгууну, жаңыча көз караштан баалоону, талдоону талап кылып, шарттап жатат. Мына ушул жагдайдан алганда, чебер прозаик К.Жусуповдун чыгармачылыгы да буга чейинки ага арналган эмгектер ал жөнүндө азыноолак, учкай пикирлерди айткандыгын эске алсак, өз алдынча тереңден изилдеп, комплекстүү бир илимий эмгекти талап кылгандыгы **теманын актуалдуулугун** шарттайт.

**Диссертациянын темасынын негизги илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Изилдөөнүн темасы КРУИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун кыргыз адабияты бөлүмүнүн илимий изилдөө иштеринин планына дал келет.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Кыргыз адабиятынын өнүгүү процессинде К.Жусуповдун чыгармаларынын кошкон салымын, адабиятта алган ордун изилдөө, белгилөө, жазуучунун чыгармаларынын көркөмдүк артыкчылыктарын ачып берүү иштин негизги максаты болуп саналат. Бул максатты жүзөгө ашыруу үчүн төмөнкү милдеттерди алдыга койдук:

– К.Жусуповдун жанрдык-стилдик багыттагы изденүүлөрүн аныктоо;
– К.Жусуповдун сюжет куруу, образ түзүү чеберчилигин иликтөө;

– жазуучунун аңгеме-повесттеринин идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүү;

– жазуучунун публицистикалык жанрдагы чыгармаларындагы документалдуулук менен ойдон чыгаруунун жуурулушуусундагы ийгиликтерин белгилөө;

– лиризмдин жазуучунун чыгармаларындагы аткарган кызматын аныктоо;

– жазуучунун агартуучулук багытта эмгектенүүсүнүн натыйжаларын белгилөө ж.б.

**Изилдөөнүн илимий жаңычылдыгы:** Илимий иш белгилүү жазуучу, чебер публицист Кеңеш Жусуповдун чыгармачылыгын ар тараптуу, системалуу жана комплекстүү изилдөөгө алган алгачкы илимий эмгек болуп саналат. К.Жусупов өзүнүн түйшүктүү чыгармачылыгы менен кыргыз адабиятынын жанрдык жактан өнүгүүсүнө салым кошуп, адабий-эстетикалык табылгалары менен улуттук адабиятта өзүнүн ордун тапкан чебер калемгер катары айрым адабиятчылардын, калемдештеринин эмгектеринде айтылып келгени менен, чыгармачылыгы системалуу түрдө атайын илимий талдоого алынбагандыгы жана ушул кенемтени толтуру максатындагы биздин аракеттер диссертациялык иштин илимий жаңылыгын шарттайт.

**Илимий иштин теориялык-методикалык негиздери.** Кыргыз адабият-таануу илиминини белгилүү өкүлдөрү Артыкбаев К., Асана-лиев К., Аскаров Т., Айтбаева Г., Акматалиев А., Байгазиев С., Жигитов С., Ибраимов О., Искендерова С., Карымшаков С., Култаева Ү., Лайлиева И., Мусаев А., Садыков А., Үкүбаева Л., Эдилбаев К., Эркебаев А. сыяктуу адабиятчы-сынчылардын эмгектеринде айтылган жалпы кыргыз адабиятынын маселелерине жана К.Жусуповдун чыгармачылыгына байланыштуу омоктуу ой жүгүртүүлөр, талдоолор, жыйынтык пикирлер диссертациялык иштин жазылышына белгилүү өлчөмдө теориялык-методологиялык таяныч-негиз болуп берди.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Кеңеш Жусуповдун чыгармалары орто мектептерде жана жогорку окуу жайларында да окутулат. Ошондуктан, бул изилдөө ишибиз мектеп мугалимдери менен мектеп окуучуларына, ЖОЖдордун окутуучулары, аспиранттары менен студенттерине керектүү материал болуп бере алат деп ишенебиз.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

– Кеңеш Жусупов – 60–80-жылдардагы кыргыз прозасына жанрдык-стилдик жактан жаңылык кошкон көрүнүктүү жазуучу;

– лирикалык, публицистикалык проза – жазуучунун стилдик жекечелигинин бир көрүнүшү;

– К.Жусуповдун окуялуу сюжетке негизделген салттуу эпикалык чыгармаларындагы автордук баяндоодо да лирикалуулук менен публицистикалуулуктун катышы айкын көрүнөт;

ABBYY FineReader 14
Click here to buy
www.ABBYY.com

– К.Жусуповдун чыгармачылыгында лирико-романтикалык маанайдын берилиши каармандын ички психологиялык-философиялык ой толгоолорунун кеңири ачылышын шарттап турат;

– «Ыр сабындагы өмүр» көркөмдүк деңгээли, кыргыз прозасынын жанрдык жактан байышына кошкон салымы, жаңылыгы менен адабий чөйрөдө жогору баага татыган чыгарма;

– жазуучунун публицистика жанрындагы очерк, эсселеринде илимий-популярдуу мүнөздөгү макалаларында улуттук поэтикалык эстетика, адабият тарыхы, адабий чеберчилик маселелерине байланыштуу илимий-практикалык мааниси терең, жазуучуулк көз караштагы бир топ кызыктуу жыйынтык, маалыматтар камтылган.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы.** XX кылымдагы кыргыз адабиятынын өнүгүү тарыхында өз орду бар, өзүнүн жазуу стили, манерасы, сюжет куруу, образ жаратуу, каармандарынын көркөм дүйнөсүн, психологиялык маанайын ачып берүүдө башка калемгерлерден айырмаланып турган өзүмдүк үнү бар жазуучу Кеңеш Жусуповдун жалпы чыгармачылыгын системалуу изилдөөгө алууну изденүүчүнүн жеке салымы катары кароого болот.

**Диссертациянын апробацияланышы.** Илимий иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун «Кыргыз адабияты» бөлүмүндө, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Кыргыз адабияты кафедрасынын окумуштууларынын катышуусунда Улуттук илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар кеңешинин кеңейтилген отурумунда илимий талкуудан өткөн.

**Изилдөөнүн жыйынтыгынын жарыяланышы.** Иштин негизги мазмуну илимий жыйнактарда, журналдарда жарык көргөн. Илимий иштин айрым бөлүмдөрүнөн республикалык масштабда өткөрүлгөн илимий-практикалык конференцияларда баяндамалар жасалып, мезгилдүү басма сөз беттеринде жарыяланган.

**Диссертациянын түзүлүшү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, үч главадан, алты параграфтан, бөлүмдөрдүн корутундуларынан, жалпы корутундудан жана адабияттардын тизмесинен турат.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** теманын актуалдуулугу, илимий жаңылыгы, теориялык жана практикалык мааниси аныкталып, коргоого сунуш кылынган жоболор, изденүүчүнүн илимге кошкон жаңылыгы, изилдөөнүн максаты менен милдеттери, диссертациянын апробацияланышы чагылдырылды.

Диссертациянын биринчи главасы **«60-жылдардагы кыргыз адабиятынын өнүгүү абалы жана анын К.Жусуповдун чыгармачылыгына тийгизген таасири»** деп аталып, эки параграфта чечмеленет. **Биринчи параграф «Кеңеш**

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

**Жусуповдун чыгармачылыгынын калыптанышы улуттук адабий процесстин контекстинде».** Кыргыз адабиятынын өнүгүү тарыхында профессионал жазма адабияттын башаты XX кылымдын башына, башкача айтканда Октябрь революциясы келген мезгилге туура келип, өнүгө баштагандыгы, улам убакыт алмашкан сайын андан ары тереңдетилип, жаңы көркөм бийиктиктерди багындырып отургандыгы ошол учурда жарыкка келген көркөм чыгармалар менен далилденип келген. Ушуга байланыштуу XX кылымдын 60-жылдарына чейинки адабий майданга келген акын-жазуучулардын мууну өзүнчө бир толкун, ал эми андан кийинки калемгерлер мууну кыргыз адабиятынын экинчи толкуну деп аталып келгендиги көптөгөн адабиятчы-сынчылардын эмгектеринде бир ооздон белгиленет. Касым Тыныстанов, Сыдык Карачев, Аалы Токомбаевдер баштаган биринчи толкундагы акын-жазуучулардын мууну жазма адабияттын тигил же бул жанрында алгачкы кадамдарды таштап, өнүктүрүп, пайдубалын түптөшсө, улуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматов баштаган экинчи толкундун өкүлдөрү 50–60-жылдардагы коомдук-саясий өзгөрүүлөргө, жазма адабияттын өнүгүшүндөгү жыйырма-отуз жыл ичинде топтолгон тажрыйбага жана өнүккөн адабияттын өрнөгүнө таянып, улуттун көркөм сөз өнөрүн жаңы баскычка көтөрүүгө жетишишкен. Таланттуу калемгерлер чыгармаларында объект кылып алган турмуш көрүнүштөрүн мурдагыдан башкача, жаңыча өнүттөн көркөм иликтөөгө алганга, турмуштун жаңы кырларын ачып көрсөтүүгө, улуттук адабиятты жаңы форма, жаңы мазмун менен байытууга аракеттенгендиги да таасын байкалат.

Буга алтымышынчы жылдардын башталышы менен ааламга улуу илимий-техникалык революциянын алгылыктуу жаңылык-кабарларын алып келүү менен Советтер Союзунун космос мейкиндигине алгач ирет адам баласын учуруу аркылуу атагы дүйнө жүзүнө даңазаланып, тарыхтын жаңы барагын ачкандыгы, коомдогу ушул сыяктуу улуу өзгөрүүлөр, ошондой эле өкмөт тарабынан коомдун экономикалык, чарбалык, маданий өнүгүүсүнө көрүлгөн маанилүү иш-чаралар, мамлекеттик саясий идеология да адабият менен искусствонун да жаңы бийиктиктерге көтөрүлүп, идеялык-эстетикалык изденүүлөр менен көркөм табылгалардын жаңы тилкесине багыт алуусуна тийгизген таасири маанилүү себеп болгон деп айтсак жаңылыштык болбос.

Жаңы замандын турмуш чындыгына мүнөздүү кырдаалдарды нукура реалисттик көрөгөчтүк менен тандап алып, замандаштарыбыздын күчтүү образын түзүү жагынан кыргыз адабиятынын гана эмес, жалпы советтик адабияттын ири жетишкендиги катары дүйнөгө таанымал боло алган чыгармачылыгы менен кыргыз элинин, элдин улуттук адабиятынын атагын алыска угузган жазуучубуз Чыңгыз Айтматов көркөм прозабызга идеялык-эстетикалык жактан кыйла жаңы касиеттерди алып келүү менен, ошондой эле повесть жанрынын жаңы мүмкүнчүлүктөрүн ачуудагы жараткан ийгиликтери аркылуу өзүнөн кийинки жаш калемгерлердин чыгармачылыгына жогорку деңгээлде таасирин тийгизип, үлгү болуп бергендигин белгилеп кетүү зарыл.

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

Бир эле мисал, анын «Жамийла» повести биринчи жактан баяндалуучу лирикалуу повесттин мыкты үлгүсү катары окурмандык кызуу кубаттоолорго ээ болду да, андан ары жазуучунун ушул манерада жазылган башка повесттери аны биротоло бекемдеп жүрүп отурган. Бул манеранын кийинки жазуучулардын чыгармачылыгында кеңири орун алуусунда өзүнүн зор таасирин тийгизгендиги, биринчи жактан баяндалган көптөгөн повесттердин жарыкка чыга баштагандыгы ошол мезгилдеги жазуучулардын чыгармаларынан таасын байкалат.

«Изилдөөчүлөрдүн көпчүлүгү туура белгилеп жүрүшкөндөй, көркөм чыгармадагы аналитикалык психологизм жаш адабияттардын алгачкы эле өнүгүш процессинде ишке аша калуучу көрүнүш эмес. Адам психологиясын аналитикалык жол менен философиялык тереңдикте ачып көрсөтүү жаш адабияттардын бийик өнүккөн мезгилине мүнөздүү көрүнүш деген пикирде чындыктын үлүшү бар. Ошол үчүн 60–70-жылдарга чейинки кыргыз повесттеринде адамдын жан дүйнөсүн көркөм иликтөөнүн бирден бир методу катары аналитикалык психологизмдин система түрүндө көрүнө албай келиши адабий процессибиздин мыйзам ченемдүүлүгү деп кабыл алыныш керек» – деген адабиятчы К.Артыкбаевдин пикирине кошулбай коюуга болбойт [Артыкбаев, К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. – Бишкек, 2004. – 280-б.]. Айтылган пикирге таянсак, өткөн кылымдын 60–80-жылдары адабий майданга келген кара сөз чеберлеринин чыгармачылыгында каармандын ички дүйнөсүн, психологиясын көркөм иликтөөгө алуу аракети көптөгөн чыгармачылык изденүүлөрдөн, аракеттенүүлөрдөн кийин, өзүнө чейинки жазуучулардын чыгармачылыгына таасирленүүдөн кийин гана өз жемишин бере алган десек болот. Башкача айтканда, кыргыз прозаиктеринин көпчүлүгүнө, анын ичинде Кеңеш Жусуповго да дүйнөлүк маанидеги жазуучу Чыңгыз Айтматовдун көркөм бийиктиктери философиялуу, каармандын ички дүйнөсү терең изилденген, жаш каармандын калыптануу процесси ишенимдүү ачылып берилген чыгармаларды жаратууга мыкты үлгүлөрдөн болуп бере алгандыгы ачык байкалат. Бул жөнүндө А.Акматалиев да өзүнүн «Чыңгыз Айтматов жана кыргыз-казак адабий байланышы» деп аталган эмгегинде Айтматовдун чыгармаларын ар тараптуу талдоого алып жатып башка жазуучулар менен катар К.Жусуповдун чыгармаларынан да мисалга тартуу менен салыштырып таамай белгилеп бере алган. Алсак, Ч.Айтматовдун «Жамийла» повестиндеги Сейиттин образы менен К.Жусуповдун «Аянкул» повестиндеги Керимдин образы кандайдыр бир деңгээлде үндөшүп кетет. Же болбосо, аталган повесттердеги каармандар Данияр менен Аянкулдун социалдык абалы, башкача айтканда майыптыгы (Данияр – бутунан майып болгон, Аянкул – эки көзүнөн айрылган), ошондой эле экөөнүн тең табияттын кучагында обон созушу да мунун ынанымдуу далили болуп бере алат. Ч.Айтматовдун чыгармаларында фольклордук мотивдердин колдонулушу да кийин адабий майданга келген бир топ жазуучулардын чыгармаларында, алардын ичинде К.Жусуповдун да

чыгармачылыгында элдик оозеки чыгармачылыктын орун алышына зор үлгү болуп бере алгандыгы ынанымдуу далилдер менен бекемделет.

Мындан сырткары Ч.Айтматовдун повесттеринде каармандардын жан дүйнөсүн аналитикалык иликтөөгө алган психологиялык ыкмалардын бири катары автордун ички монологду өз орду менен колдонгондугун айтып кетүү да ашыктык кылбайт. Буга мисал катары анын «Саманчынын жолу» чыгармасынын башкы каарманы Толгонай Жер эне менен маектешип, өз башынан өткөргөндөрүн, турмуштун ар кандай кыйынчылыктары башка түшкөндө өзү менен өзү сүйлөшүп, өзүнүн ой толгоолорун өзү талдап, өзүнө өзү кайрат берип, өзүн өзү жеңет. Мындай мисалдарды жазуучунун башка повесттеринен да кеңири кездештирүүгө болот. Ч.Айтматовдун чыгармачылыктагы жаңычыл аракеттеринин оң натыйжасы жөнүндө изилдөөчүлөрдүн көптөгөн туура, таамай берилген пикирлери бүгүнкү күндө да өзүнүн актуалдуулугун сактап келе жатат. Ошондой эле жазуучу менен оозеки маектешүүдө айткан ой толгоолорунда белгилүү жазуучулар Т.Сыдыкбековдун, Ч.Айтматовдун чыгармачылык таасири, тарбиясы болгондугу белгилеп берген.

Чынында 60–70-жылдардагы кыргыз прозасынын өнүгүү процессин Ч.Айтматовдун чыгармачылыгынан бөлүп кароого болбостугун адабиятчылар, изилдөөчүлөр өзүлөрүнүн эмгектеринде баса көрсөтүп келишет [Артыкбаев, К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. – Бишкек, 2004; Акматалиев, А. Ч.Айтматов жана кыргыз-казак адабий байланышы. – Фрунзе, 1981; Ибраимов, О. Активная жизненная позиция и концепция личности в киргизской повести второй половины 50–70-х годов. – Фрунзе, 1984; Медетов, А. Кыргыз аңгемесинин поэтикасы (сюжет жана композиция маселелери). – Бишкек, 1995; Урмамбетова, С. Поэтика современного кыргызского рассказа (60–80-х годов. Проблема жанра и перевода). – Бишкек, 1994; Кадырмамбетова, А. Адабий кырдаал жана көркөмдүк жаңылануулар. – Бишкек, 2009. ж.б.].

Ч.Айтматовдун өрнөктүү таасирин К.Жусуповдун «Аянкул», «Жашоо кумары» повесттеринен байкоого болот. Таасир, албетте, тууроочулук деңгээлде эмес, чыгармачыл мүнөздө. Замандаш эки жазуучу бирдей коомдук шартта, бир мезгилде жашап жаткандыктан алардын алган темасында, койгон проблемаларында, окуянын чечилишинде окшоштуктардын болуусу мыйзамченемдүү. Маселе алардын сюжеттик-композициялык жактан көркөм иштелишинде, автордук концепция, идеялык жыйынтыктарды каармандардын жан дүйнөсү аркылуу ишенимдүү ачып бериште. Ушул жагдайда, башкача айтканда каармандардын психологиясынын көркөм иштелишинде Айтматовдун чыгармачылык таасири бар деп айтсак болот.

**Экинчи параграф «Каармандардын ички дүйнөсүн көркөм иликтөөгө алуу Кеңеш Жусуповдун алгачкы чыгармаларында»** деп аталып, мында жазуучунун аңгеме жанрындагы чыгармалары каралып, алардагы көркөм жетишкендиктер, каармандарынын көркөм дүйнөсүнүн ачылып берилиши талдоого алынды.

Баарыбызга белгилүү болгондой, Кеңеш Жусупов сөз өнөрүн бийик баалаган, аны кастарлап баккан, талыбаган мээнет, чыгармачылык изденүү менен чыңаган чыныгы таланттын ээси. Ал чебер прозаик, публицист, а түгүл лирик деп белгилесек да ашыкча болбос. Дегенибиз, анын кайсы гана чыгармасын, тактап айтканда аңгеме, повесттерин, же болбосо эсселерин албайлы, дээрлик бардыгында лиризмдин эң маанилүү кызмат аткаргандыгына күбө болобуз.

Ошондой эле анын аңгеме-повесттеринде да басым кызыктуу сюжеттерге эмес, көбүнчө публицистикалык толгонууларга жасалгандыгына күбө болобуз. Жазуучунун чыгармачылыгында кийин салтка айланып, туруктуу мүнөзгө ээ болгон көрүнүш – лирикалуулук менен публицистикалуулуктун айкалышуусу туурасында чебер сынчы, адабиятчы К.Укаев өзүнүн макаласында: «Жаш жазуучунун ак жаркын публицистикалык ыкмалы (ыкмасы болуу керек) чыгармадагы биз жоктогон «чиеленишкен» окуялуулуктун ордун алмаштырган. Дал ушул ыкма аркылуу жазуучу өзүнүн автордук бийик позициясын армансыз айтып алууга шыбагалуу мүмкүнчүлүк тапкан» – деп баа берет [Укаев, К. Жаңы калем, жаңы нук // Ленинчил жаш. – 1967. – 23 нояб.]. Ооба, К.Жусуповдун бул артыкчылыгы анын чыгармачылык өмүр жолунда журналисттик кесипти аркалоосу да мына ушул ыкмада жазылган чыгармаларды жаратууга, а жөн гана жаратуу эмес, өзү баяндап жаткан окуяны, же коомдогу көрүнүштү жазууда аны өзүнө сиңирип алып, кургак эле факты-мисалдар менен жазып койбостон, көркөм ойлоо фантазиясы, жеке стили, баяндоо манерасы, кайталангыс тил байлыгы аркылуу кайрадан иштеп чыгып, көркөмдүүлүк менен документалдуулукту айкалыштырып сүрөттөө менен өзүнүн артыкчылыгын көрсөтө алгандыгында болуп саналат.

Жазуучунун алгачкы аңгемелеринин бири – «Эне кудурети». Аңгеме согуш учурундагы айылдагы бир күндүк окуяны, почточу болуп кат ташып иштеген Батманын почтадан айылга, кайра айылдан почтага чейинки мезгил, мейкиндиктеги учурун сүрөттөйт.

Аңгеме күтүүсүздөн минтип башталат:

«... Көрдүңүздөрбү, тигине, адатынча бүгүн да өрөөнгө кеткен жалгыз аяк жол менен Батма кыштакты көздөй келе жатат. Ат үстүндө сөөктөй катып, үнсөздөн калган чүкөдөй кемпир... Ботом, чын эле эмне болгон Батмага? Өмүрүндө кабагын чытыбаган Батманы карагылачы!» [Жусупов, К. Жүрөгүм менин тоолордо. – Фрунзе: Кыргызстан, 1972. – 37-б.]. Аңгеменин ушундайча чукул башталышынан эле жазуучунун чыгарма жазууда жайынча баяндоого эмес, психологиялык чыңалуудагы көрүнүшкө басым жасагандыгын баамдоого болот. Аңгемеде биринчилик орунда окуя эмес, сезим турат, каармандардын согушка катышы эмес, согуштун алардын жан дүйнөсүнө болгон катышы изилдөөгө алынат.

Каармандардын образын автор ички толгонуулары аркылуу ишенимдүү ачып бере алган. Аңгемеде Батма аттуу кемпир согуш учурунда ылайыктуу киши

табылбагандыктан айылга кат ташуучу болуп иштеп жүрөт. Алгачкы күндөрү айылдагыларга согушка кеткен туугандарынан, уулдарынан келген каттарды таратып берип жүрүп, жакшылыкты алып келчү «ак жолтой» деген атка ээ болот. Өзүнүн курбалдаш сырдашы Сонунбүбү согушка кеткен уулунан эки ирет кат алгандан кийин Батманы ушу атка кондурат.

Ошол күнү дагы Батма адатынча почтого барып жакшы кабар күткөн үмүт-тилеги таш каап, так ошол «ак жолтой» атка кондурган курдашына келген суук кабарды угуп, өзүнүн өзөгүндөгү кыйкырыкка муунуп, алтымыш тамыры сыздайт. Эгерде согуштагы өмүрлүк жарынан же уулунан кат-кабар күткөн аялдардын, ата-энелердин алыстан эки ооз сөз жазылган «уйпаланган төрт бүктөм» кагаздан каниет алып калаарын түшүнбөгөндө балким ал мындай абалга келмек эмес. Мына ушул түшүнүк Батманын сезиминде терең уялап, өзүнүн уулу менен абышкасынан айрылганда да «эл көргөндү көрөөрмүн» деп белди бекем бууп жүрүп, так ушул Эгембердинин уулунун кара кагазын алганда, кайгыга чөгүп, үн-сөздөн калып, эс-учун жогото жаздайт. Мына ушундан кийин аңгемеге автор тарабынан Жер эненин образы да киргизилип, Батманын жер кучактап жыгылышы, эки эненин бир бүтүндүккө айланып, муңдашуусу аркылуу, Жер эненин образы аркылуу согуштун кесепеттүү кайгы-касыретинин масштабын элестүү ачып берүүгө аракет кылат: «Адам баласы менен бүткүл адамзаттын жер-энеси кучакташып жатышты. Адам эненин ысык көз жашы Жер-эненин тулку боюна сымаптай тарайт. Батма Жер-энени көз жаш менен эритип жиберчүдөй болот. Бир оокумда көз жаш да Жер-эненин жүрөгүнө жеттиби, теребел сумсайып, жер да ичинен күңгүрөнүп ыйлагансыйт. Мээрман Жер-эне койнуна катып чоңойткон Адам-эненин мурунку шылдың-дарын, капарына албай жүргөн күнөөлөрүн кечирип, аттиң ага кайра да бир кайгылуу учурда жардамга келип, баладай боoруна кысып сооротуп турду.» [Жусупов, К. Жүрөгүм менин тоолордо. – Фрунзе: Кыргызстан, 1972. – 42-б.].

Аңгемеге пикир айткан айрым адабиятчылар белгилегендей, аңгемеден каармандын мүнөзүнүн өнүгүп-өзгөрүү динамикасын издөөнүн зарылчылыгы жок. Бирок, автор мүнөз түзүүгө атайын басым жасабаса дагы, адам баласынын тагдырына оор мүшкүл салган согуштун кесепети ошол учурдагы адамдардын жан дүйнөсүнө тийгизген таасирин Батманын катты алгандагы, аны жеткирип бараткандагы аянычтуу абалы аркылуу жеткиликтүү ачып бере алган. Чыгармада бизге көндүм болгон окуясы даана, кызыктуу сюжеттин курулбагандыгы аны чакан психологиялык сүрөттөмөгө жакындатып турат. Жазуучу кайсы бир басма сөзгө берген маегинде «Эне кудурети» тунгуч аңгемем» – деп белгилейт [Жусупов, К. Жаншерик. – Бишкек: Бийиктик, 2007. – 497-б.]. Анын үстүнө бир түндө жазып бүтүргөндүгүн айтат.

К.Жусуповдун муунун «согуштун балдары» деп койсок болот. Жазуучунун бардык эле калем кармаган замандаштары чыгарма жазууда «согуш» темасынан четтеп өтө алышкан эмес. Ар бири өз алдынча, өз кудуретине жараша каргашалуу согуштун кайгы-касиретин, элдин оор турмушунун элесин көркөм

сөз аркылуу тартып берүүгө аракеттенишкен. К.Жусупов да бул темага сөз болуп жаткан аңгемеси менен жана андан тышкары «Аянкул», «Жашоо кумары» аттуу повесттери (бул повесттер туурасында сөз кийинки бөлүмдө улантылат) аркылуу өз үнүн кошкон. «Эне кудурети» аңгемесинде суук кабарды ээсине тапшырууга жүрөгү даабаган эне айылына жетип, кайра артка тартат. Аңгеменин акыры Батма жер кучактап жыгылып, жер эне менен эненин (Батма – Б.Ө.) журуулушусу, Батманын көкүрөк толгон муңун чыгара, солкулдап ыйлоосу менен аяктайт. Жазуучунун аңгеменин акырын, чечилишин ушундайча лирикалаштыруу менен аяктап, каармандын ички дүйнөсү менен сырткы дүйнөнү бир бүтүн биримдиктен кароого мүмкүндүк алышы, аңгемедеги окуянын ушундайча жыйынтыкталышы да кандайдыр бир эмоционалдуу таасирдүүлүккө багытталып тургандыгы баамдалат. Бул аңгеме жарыкка чыкканы окурмандарды кайдыгер калтырбагандыгы ошол мезгилде басма сөздөрдө жарык көргөн макалалардан ачык баамадалат. Бир мисал, залкар жазуучу Ч.Айтматовдун ошол мезгилде адабий майданга келген акын-жазуучулардын чыгармачылыгына кайрылган макаласында да «Эне кудурети» аңгемесинин жыйынтыгы, башкача айтканда, окуянын аягында Жер-эне менен адам эненин жуурулушуусу ийгиликтүү чыккандыгын белгилегендиги ушундай жыйынтыкка келүүбүздүн негизги далили болуп бере алат [Айтматов, Ч. О новом поколении // Комсомолец Киргизии. – 1963.].

«Эне кудурети» аңгемесинен кийин жазуучунун «Жалгыз арча» аттуу аңгемеси жарык көрөт. Аңгеме аркылуу автор Октябрь революциясына чейинки замандын, андагы элдин көргөн турмушун чагылдырат. Башкы каарман Дуңкана көпчүлүктүн катарындагы колунда жок, бир ууч талканга зар болуп, эртеңкиге үмүткөр жашаган киши. Анын оорулуу энеси Дуңкананы түрдүү мүшкүлгө салат. Эптеп энесинин оорусуна шыпаа табуу үчүн ар кимден талканга бир кочуш дан издейт. Жетишпеген турмуштун запкысынан, Тойтукка окшогондордун наадандыктарынан, караөзгөйлүктөрүнүн жанына баткандыгынан, таянаар тоосу, ишенээр адамы жок экендигинен улам ал жарык дүйнөгө, анын ызы-чуусуна наразы болуп, күнгө датын айтат. Анын датын күн укпайт да, тоотпойт. Бирок таң ата берет да, Күн чыга берет. Ар бир аткан таңдагы күндүн чыгышын сүрөттөө аркылуу автор өзгөчө чеберчилик менен символикалуу түрдө Дуңкананын көрөөр күнүнөн алдын ала белги берип турат:

«Дуңкана күнгө даттанды: «О күн, сен да куру... Сордуң го түгөл. Адамга болушпай кактадың го... Билесиңби менин көргөн күнүмдү?

Күн баарына макул. Күн тоотпойт. Күн дайыма келет. Дайыма күйүткө келет. Анан адамды кантип билесиң. Үмүт дайыма күндү ээрчий жүрөт. Күн үмүттү азгырып ээрчитип жүрө береби? Үмүттүн, күндүн да карманаар, өргүүр жайлары жокпу? Силердин убайыңарды көрөбү, деги адам?

Күн келе берчү. Күн кете берчү. Эртеңки күнү бактылуу боломун го дечү Дуңкана. Эртеси күн келчү. Күн бактыны сүйрөп келчү эмес. Сени кыйнап-кыйнап, ага табасы канбай, эртеңкиге жалган убадалашып кете берет. Ал –

дудук. Ал – туман. Ал кайткыс ооруга окшош. Күн жөнүндө ушундай ойлойт Дуңкана.» [Жусупов, К. Жүрөгүм менин тоолордо. – Фрунзе: Кыргызстан, 1972. – 76-б.]

Психологизмге жык толгон жогорудагы сүрөттөө ыкмасынан батыштын согуштан кийинки жаштар адабиятында, «жоголгон муун» адабиятында көбүрөөк байкалган көңүл чөгөттүк маанай менен үндөшүүчүлүк байкалат. Албетте, бул сырткы гана окшоштук. Баскынчылык согуштан психологиялык сокку алган батыштык адабий муундун ар кандай коомдук прогресс, алдыга умтулууларга кайдыгерлик, жек көрүүчүлүк позициясынан айырмаланып, К.Жусупов өткөн чактын кейиштүү элесин тартуу аркылуу үмүтсүздүккө толгон доор артта калгандыгын белгилейт.

Аңгеме Октябрь революциясына чейинки караңгы элдин турмушун, ошол замандын кайгысын, азабын чагылдырууга арналып, авторунун жеке көз карашын билдирет. Жазуучу ошол замандын терс жактарын ачууда символдук образды пайдаланат. Башкача айтканда, аңгемедеги жалгыз арча, куураган арча, «касиеттүү» арча – караңгы, адилетсиз турмуштун символу.

Күндүн чыгышы менен эртеңки күнгө үмүт кылып жашап жүргөн Дуңкана атасын азгырып, сайышка түшүрүп, жеңилип калганда «менин намысымды тебеледи» деген жалган жалаага жыгып, үй-бүлөсүнө «Мамай тукуму байгеге берген тогузду төлөгүлө» – деп айып салган Тойтуктан өч алчу күн келбей, бактылуу жашоону самаган ою ишке ашпай калганын түшүнүп (күнгө болгон ишеними өчүп), жол боюндагы топ арчанын ичиндеги куураган жалгыз арчага кайрылат.

«Жол таманынан көгөргөн жаш арчалардын арасында бийик куу арча селейди. Жалгыз. Ага боору ооруп койду Дуңкана. Желге желпинээр бүчүрү кана?! Тарбаят. «Сен мага болушуп жүрбө – деди Дуңкана жалгыз арчага – өчүмдү алып, бакыт берип жүрбө?!»

– Сен мага болушуп жүрбө, жалгыз арча... Күндөн го түңүлдүм...» [Жусупов, К. Жүрөгүм менин тоолордо. – Фрунзе: Кыргызстан, 1972. – 76-б.]. Мына ушинтип, күндөн түңүлгөн ал, куураган арчага үмүттүү карап, минип бараткан атынын куйругунан бир тутам жулуп анын бутагына байлайт. Бул кайрылуу айласыздыктан келип чыккан эле. Жалгыз арча диний ишенимдердин символу сыяктуу. Бирок, ар кандай ыйыктыкка болгон ишеним деле адилетсиздикти жоюп жибере албайт экен. Диний ишенимди алсыздар, армандуулар өзүнө эш туткан менен, алдуулар, амалдуулар өз кызыкчылыгы үчүн пайдаланып кетип, абал өзгөрбөйт экен.

Адабиятчы А.Акматалиев Ч.Айтматовдун чыгармачылыгындагы фольклордук мотивдердин колдонулушун анализдеп жатып, башка жазуучулар менен бирге К.Жусуповдун да аталган аңгемесинде бул мотивдин пайдаланылышын төмөндөгүчө белгилейт: «Жалгыз арча» аңгемесинде жазуучу элдик оозеки чыгармачылыкка башкача ык менен кайрылгандыгын көрүүгө болот. Тойтук бай байлыгына чиренип, Дуңкана менен Сейпентин алоолонгон

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

махабатына каршы чыгып, Сейнепти боздотуп токолдукка алды. К.Жусупов Дуңкана менен Сейнептин бири-бирине жете алышпай зарлаган күйүт-армандарын Күкүк менен Зейнеп тууралуу элдик улама менен параллель сүрөттөп, анын призмасы аркылуу өткөрүп, оригиналдуу берүүгө жетишкен». [Акматалиев, А. Чыңгыз Айтматов жана кыргыз-казак адабий байланышы. – Фрунзе, 1981. – 115-б.].

Аңгеме сюжеттик-композициялык курулушу жагынан айырмаланып турат. Аңгемени автор он чакан бөлүмгө бөлүп жазган. Ар бир бөлүм публицистикалык маанайдагы эпиграф менен башталат.

Жогоруда айтылгандай, жалгыз куу арчаны «касиеттүү» кылган Дуңкана өзү болчу. Бирок, Дуңкана ойлогондой болбой калды, башкача айтканда арча ага жардам берген жок, үмүт-тилегин орундаткан жок. Көрсө «касиеттүү» арчага Дуңкананын өзүнө окшоп турмуштун запкысын көргөн бей-бечаралар кайрылып, жакшылык тилеп үмүт артат экен. А бирок куу арча кереӊ, жаштуунун жашын көрбөй, зардуунун зарын укпай мистейет. Базарбай молдо болсо «ыйык» арча менен карапайым элди алдап байыгысы келет. Куу арчанын «алдамчылыгына», адамдардын үмүтүн, бөтөнчө өзүнүн үмүтүн актабаганына Дуңкананын жаны кашаят. Адамдардын алданып жатканына туягы жок зарлаган курбусу Сактанбектин аялы экөө арчага сыйынып келгенде гана анын чындап көзү жеткени аңгемеде ишенимдүү далилденет:

«– ...Эмнеге пешенебизге бактыны тайкы кылдың? Адам деп чын жаратсаң, зар какшаганды укчу?! Жокчулугуңду көтөрөлү деги, шорубуз экен. Айланайын кудай. Өзүң бизди пендебиз десең, баланын ыйын угузчу. Биздей байкуштарды куу баш атка конгузбачы?! – Аялдын шорлоп, эринин тизесин кучактап сыздашы Дуңкананы өрттөдү. Жалынга күйдү. Тобо, Дуңкана кадимкидей өрттөнүп баратты». [Жусупов, К. Жүрөгүм менин тоолордо. – Фрунзе: Кыргызстан, 1972. – 89-б.].

Мына ушул эпизод Дуңкананын жалгыз арчага болгон жек көрүүсүнүн жеткен чеги болчу. Ал мындан ары чыдай да алмак эмес. Акыры душманынан өч алгысы келген ал (куу арча ага эми душманы болуп калган) акыры арчаны балталап чаап таштайт.

«Адам жаткан арчага душман өлүгүн көргөн адамдай табалай да, жийиркеничтүү да, оңурая карап, теңселе жөнөдү. Ушул кейпинде ал түмөн кол душманды чаап келе жаткан сүрдүү эрдин сымбатындай эле.

Дагдайган көөдөнүн желге тосо, шоокум салган таңды көздөй баратты ал». [Жусупов, К. Жүрөгүм менин тоолордо. – Фрунзе: Кыргызстан, 1972. – 92-б.].

Ушул эпизоддогу шоокум салган таң да кандайдыр бир деңгээлде символдук кызмат аткарган деп айтууга болот. Бул Дуңкананын келечек күнүнүн таңы эле. Чыгарманын ушундайча аякташы М.Элебаевдин «Бороондуу күнү» аңгемесинин финалы менен үндөшүп тургандыгы байкалат. М.Элебаевдин аталган аңгемесинде да Ата-энесинен айрылган жетимдин жер кезип, мекенине келе жатып кыштын кыраан чилдесинде жолдон жолуккан бир боз үйгө түнөп,

таң ата жолго чыкканда мурунку күндөгү ызгаардуу бороондун басаңча тартып калышы, көк тиреген мунарга окшогон ак кардуу бийик жаңгелди бет алып жөнөшү – анын жаркын келечегин көздөй кадам таштагандыгы катары белгиленет. Мына ушул жагынан алганда, М.Элебаевдин да, К.Жусуповдун да каарманынын көп запкы жеген теңсиздик замандан куткарган жаңы теңчилик замандын келиши символикалуу берилген.

Жазуучунун бул аңгемелеринен сырткары да бир топ алгылыктуу жазылган «Эски башкарма», «Сары жалбырактар», «Каралдым тоолор» аттуу аңгемелери баштан тааныш. Ал аңгемелеринде да жазуучу турмушубуздагы боло келген кадимки окуяларды, каармандардын жүрүм-турумдарын, мүнөздөрүн, турмуштук көз караштарын жөнөкөй тил менен, өзүнө таандык стили менен жагымдуу сүрөттөйт. Мисалы, «Эски башкармада» Асанбек башкармалыктан түшкөндөн кийинки бир нече сааттык окуя гана баяндалат. Мында Самый менен Асанбектин, Самыйдын айдоочусу үчөө райкомдун бюросунан бирге кетип, шаардын сыртындагы ресторанга барып тамактанышат. Алар тамактанып отурганда жол инспектору келип кошулат. Самыйдын ак ниеттүү, дили таза, сыпайы, улууга урматтоо менен мамиле кылган адам экендиги Асанбекти сыйлап тургандыгынан, Кемелдин (Самыйдын машинасын айдоочу) шартылдаган ачык көңүлдүү, болгонун болгондой бир айткан, оюнда кири жок жигит экендиги адамдардын ишине сын көз менен карагандыгынан, ал эми жол инспектору Жайлообаевдин кекчил, кылдан кыйкым издеген, адамдык сапаты начар киши экендиги Асанбектин кызматтан түшүшүнө кубанып, табасы канып, шылдыңдай карагандыгы менен ар биринин образдары, мүнөздөрү ачылат. Асанбектин образы болсо Самыйдын ал жөнүндө ой толгоолорунан, берген баасынан, өзүнүн жаңы башкармага болгон наразычылыгынан, адамдардын пейилинин бузулуп бараткандыгына кейигендигинен улам ачыкка чыгат. Чыгармадагы дагы бир каармандын – айылынан жеңил оокат издеп келип, кийим илгич болуп иштеп калган жаш жигиттин образы да көңүлдү өзүнө бурбай койбойт. «Айтчы, качан барасың айылга? – деп сурады андан башкарма. – Барганда жарыйт белем... – деди тиги кийим илген неме». Бул иште ырас эле менин күнөөм болуп жүрбөсүн деп ойлонот башкарма. «Бир жолу чалгыга чыкпайм дегенинен тилдеп койдум эле, балээсине калдым. Таарынып шаарга качып келе бериптир. Тапкан кызматы бул» ... Мындай караганда бул эпизоддо адамдын тагдыры бир штрих менен гана кыска тартылат, аңгемеде бул анча деле байкала бербейт. Бирок, ушул кыска сүйлөшүү аркылуу да жазуучу каармандарынын мүнөзүн жеткиликтүү ачып бере алгандыгын баамдоого болот.

Каармандардын ушул сыяктуу ой жүгүртүүлөрү, адамдарга жасаган мамилелери, сүйлөшкөн сөздөрү сыртынан өтө жөнөкөй көрүнгөнү менен, өзүндө адамдык асыл сапаттарды сактап калууга, адамгерчиликтен тайбоого, ак пейилдүүлүккө, адилеттүүлүккө үндөгөн насааттары менен көркөмдүгү мыкты чыгарма деп баалоого болот.

«Сары жалбырактарда» болсо шаардан курортко эс алууга келген Сапарбектин аз күндүк баштан кечирген окуялары сүрөттөлөт. Ошону менен катар анын туулган айылы, тоолор жөнүндөгү эскерүүлөрү, аларга болгон сагынычы, кусалыгы, эңсөөсү, ой толгоолору ачылып берилет.

Жазуучунун «Каралдым тоолор», «Жүрөгүм менин тоолордо» аттуу чыгармаларын лирикалык аңгемелер деп бааласак болот. Себеби, лирикалык прозада сюжеттүүлүк арткы планга сүрүлүп, баяндоочунун речи, ой агымы, сезим чабыттары биринчи планга чыгаары белгилүү эмеспи. Мына ушул өңүттөн алганда, жазуучунун бул аңгемелеринде фабула эркин чабыттаган ойлорго баш ийип, бири экинчиси менен ассоциация түзүп турган үзүк-үзүк окуялар, көрүнүштөр, эскерүүлөр, лирикалык каармандын ички абалынын образдуу чагылышын шарттап, анын маанайы, жан дүйнөсүнүн кыймылы, көңүл ыргактары чыгарманын сюжеттик өзөгүн түзөт.

Аталган эки аңгемеде тең жазуучу өзүнүн эркин ой чабыттарын туулуп өскөн мекенине, балалык күндөрү өткөн тоолорго, алардын ажайып сулуулугуна, турмушундагы алган ордун лирикалык маанайда, окурмандан эч кандай сыр жашырбастан, ак дилден ачып берүүгө аракет кылгандыгы аңгемелердин ийгиликтүүлүгүн арттырган.

Автор тоолорду жөн эле жазып койбойт, ага деген мээримин, сүйүүсүн төгүп тургандыгын айтат, сүрөтчү болсо эч ким таба элек, эч ким биле элек боёктор менен тартып туруп ар бир адамга тоонун касиетин, ыйыктыгын тереңден түшүндүргүсү келет. Ааламга алгач салган үнүн да тоо укканын, балалыктын таттуу күндөрүнүн бардыгы тоодо өткөндүгүн жагымдуу сүрөттөө менен мекенди, туулуп-өскөн жерди сүйүүгө, аздектөөгө окурманды да үндөп турат. Тоонун ар түркүн көрүнүштөрүн да абдан элестүү сүрөттөп бере алат.

Деги эле аңгеме жазууда К.Жусуповдун башка жазуучулар менен катар каармандарынын ички дүйнөсүнө басым жасоосу, көркөм шарттуулук ыкмасын, фольклордук мотивдерди, диалогдук ыкмаларды, лирикалык чегинүүлөрдү ыгы менен пайдалана алгандыгы, жалпы эле аңгемелеринде лиризмдин жыш орун алышы аркылуу алгылыктуу ийгиликтерге жеткен деп баалоого татыктуу.

Жыйынтыктап айтканда, жазуучунун жогоруда аталган чыгармалары, тагыраак айтканда, аңгемелери кыргыз адабиятынын тарыхында каармандарынын психологиясы, ички ой толгоолору, кайталангыс мүнөздөрү аркылуу өз алдынчалыкка ээ болуп, замандаш жазуучуларынын чыгармаларынан стили, сюжетинин жөнөкөйлүгү, мейли узак убакыттык, мейли кыска убакыттык мезгилдеги окуяны баяндабасын, каармандын образын ачуудагы өзүнүн көркөмдүк кудуретинин жогорулугу, жазылуу стили жана тилинин карапайымдыгы менен авторунун өздүк манерасын аныктап бере алгандыгы аркылуу, окурманды да ой толгоолорго сала алгандыгы менен, адабиятчы-изилдөөчүлөр тарабынан атайын көңүл бурулуп жылуу пикирлерге ээ болгондугу менен өзүнүн ордун таба алган десек болот.

**«Кыргыз прозасынын жанрдык жактан өнүгүүсүнө Кеңеш Жусуповдун кошкон салымы»** деп аталган экинчи главанын биринчи параграфы **«Жазуучунун повесттеринде каармандардын образынын көркөм иштелиши»** деп аталат. XX к. 60-80-жылдарында «Согуш» темасы акындардын, прозаиктердин, драматургдардын чыгармаларынан кеңири орун алган. Бул темага арнап чыгарма жазууга, биринчиден, авторлордун көбүнүн өмүр жолунун Улуу Ата Мекендик согуштун катаал күндөрүнө туш келиши, экинчиден, ошол мезгилдеги идеологиянын таасири, башкача айтканда, советтик адамдардын согушта көрсөткөн эрдиктерин, элдин, тылда калган аялдар менен жаш балдардын баштан кечирген оор күндөрүн, көптөгөн кыйынчылыктар менен келген улуу Жеңишти даңазалоо талабы негизги түрткү болгондугу баарыбызга маалым.

Бул темада чыгарма жазуу чебер прозаик К.Жусуповдун да шыбагасына энчиленген. Жазуучунун балалык күндөрүнүн согуштун оор күндөрүнө туш келиши да негизги мааниге ээ болбой коймок эмес.

«Аянкул», «Жашоо кумары» повесттери улуттук адабияттагы аталган темага өз үнүн кошкон чыгармалардан. Жазуучунун чыгарма жазууда тандап алган багыты көпчүлүк жазуучулардай эле, согуштан келген жоокердин образын ачууга арналган.

Башкача айтканда, 60-жылдардагы чыгармаларда согуштан келген жоокердин образы өзгөчө романтизацияланган, өзгөчө ызаат, урмат менен жаратылган образдардан болуп саналат. Алар эл катары согушка барып, атуулдук, эр жигиттик парзын аткарып келген жоокер гана эмес, эл коргогон, мекен коргогон баатыр, кыйынчылыкка бышып, өмүр менен өлүмдүн, эл-жердин, эмгектин баркын өзгөчө түшүнгөн патриот, руху күчтүү адамдар катары сүрөттөлүшөт.

К.Жусуповдун «Аянкул» повести да, Жашоо кумары» повести да ушундай каармандардын образын көркөм иликтеп, ачып берүүгө арналган.

Биринчи повестте анын башкы каарманы Аянкулдун Улуу Ата Мекендик согуштан эки көзүнөн ажырап, айылга келгендеги кайгылуу тагдыры баяндалат. Повестте романтикалуу пафос менен бирге, карапайым эле турмуштук карама каршылыктар, башкача айтканда реализм кошо жашайт.

Согуштан эки көзүнөн айрылып келген алдуу, күчтүү Аянкул адегенде өз башына түшкөн оор кырсыкты көтөрө албай чарпылат, азап чегет, ал гана эмес ичкиликке бериле баштайт. Бул жөнөкөй айтканда, табигый көрүнүш болчу. Чыгармада окуянын өнүгүшүндө драматизмдин өтө терең берилгендиги анын окумдуулугун арттырып да, окурманды өзүнө тартып да турат. Бир сөз менен айтканда, тагдырдын таш боордугунан улам карабашыл адамдын жан дүйнөсүнүн оорусу, азабы деген кандай болоорун автор бул чыгармасында өтө ишенимдүү сүрөттөй алган.

Каардуу согуштун кесепети жалгыз эле Аянкулдун ички дүйнөсүнүн жабыркашын сүрөттөө менен, аны азап-кайгыга салуу менен эле чектелбейт,

баш каармандын майып болуп калышы менен лирикалык каармандын (Керим), энесинин да көңүлүн оорутат, азапка салат.

Чыгарманын негизги өзөгүндө туулгандан бери эч кандай жамандыктын четин көрө элек бөбөктөр, өткөн согуштун оор кырсыктарын көтөргөн ата-энелер, агалар тагдырыңар экинчи жолу мындай алааматка туш келбесин, адам күчүнө, адам кайратына тең келээр эч нерсе жок, согуш отун тутандыруучуларга каршы дагы бек туралык деген чакырык, элге кайрылуу жатат.

Жазуучу повестинде каармандын тагдырын чечүүдө турмуштун табигый өнүгүш мыйзам ченемдүүлүктөрүнө таянат. Каарман турмуштун ысык-суугуна чыйрала элек, көңүл жарааты жаңы, жашык кезинде өзүнүн майыптык абалына намыстанып, абайсыздан айтылган же көкүрөгү сокур адамдардын арсыздык менен тыңсынган, боорукерсинген сөздөрүнө арданып, ызалыкты кайдыгерлик, курулай шаттануучулук менен жеңгиси келет. Өзүн чындап аяган эжесинин мамилеси оор тийип, Дүйшөнгө окшогон жеңил-желпи жанбагарлардын чөйрөсүнө ыктайт, ошентип, өзүнөн өзү качып, кайгысын унуткаргысы келет. Чыгарманын ушул жерине жеткенде окуя чоң кульминациялык абалга көтөрүлүп, Аянкулдун тагдыры мындан ары кандай болот? – деген суроо туулат. Бирок, Аянкул канчалык азап чекпесин, жакшы адамдардын көз жаздымында калбайт. Аянкулдун тагдырына туура багыт берип, анын кайгысын бөлүшүүгө даяр турган адамдар да чыгармада бар болчу. Чайхананын директору Аянкулдун базардагы чогулгандарга ырдап берип жүргөнүн угуп, анын уккулуктуу үнүн бүткүл элдин кенчине айландырууга аракеттенет жана ошол максатына жетишет. Ошондой эле ашканада иштеген Айша аттуу кыздын Аянкулду сүйүп калышы да анын турмуштук улуу кармашта жеңип чыгуусуна чоң жардам берет. Ал Аянкул Дүйшөндөр менен мас болуп темтеңдеп жүргөндө бурчтан күтүп туруп, аны ар дайым үйүнө жеткирип келип турат. Аны бул туура эмес жолдон чыгарууга аракет кылып жүрүп, акыры аны ишендирет жана өзүнүн сүйүүсүн арнайт. Бул жөнөкөй кыргыз кызынын образын жазуучу сүймөнчүлүк менен тартат. Анын тышкы кебетесиндеги карапайымдык, уяңдык, ички дүйнөсүнүн кеңдиги, чечкиндүүлүгү, сүйүүсүнүн тунуктугу – бардыгы адамды өзүнө тартып турат. Окуянын мына ушундайча өнүгүшү, же башкача айтканда Аянкулдун турмушунун ар кандай кырдаалдарга кабылып, мүнөзүндөгү өзгөрүүлөрдүн ишенимдүү сүрөттөлүшү чыгарманын бир тараптуу болбой, жагымдуу таасир калтырууга жетишкендиги катары саноого болот.

«Повестте Аянкулдун образы аркылуу майып адамдын мүнөзү бардык татаалдыгында, эч кандай жасалгаланбай сүрөттөлгөн. Ошондуктан Аянкулдун терс сапаттуу адамдардын таасирине түшүп, жашоодон көңүлү чөгөт болуп, жатып ичээр жан бактылыкка баш урушу жана ага жакшы адамдар убагында жардамга келишип, туура багыт көрсөтүүлөрү турмуштук жактан ишенимдүү. Жазуучу согуштан кайтып келген адамдардын психологиясындагы карама-каршылыктарды, алардын турмуш жолун, өздөрүнүн күчтөрүнө болгон

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

ишенимдерине кайра кайтууларын бир топ ырааттуу, терең иштеген. Ошондуктан Аянкулдун образы оригиналдуу, психологиялуу чыккан» – деп окумуштуу-адабиятчы Л.Үкүбаева туура белгилеген [Үкүбаева, Л. Азыркы кыргыз адабиятынын арымы. – Бишкек, 1995. – 22-б.].

К.Жусуповдун согуштан кайткан адамдын образын ачууга арналган кийинки чыгармасы – «Жашоо кумары» повести. Бул повестте дагы «Аянкулдагыдай» эле фронтовиктин оор тагдыры – негизги тема болуп алынат. Жазуучу бул повестинде да согуштун каарманынын психологиясына тийгизген таасирин жеткилең сезип, көркөм сүрөттөйт. «Жашоо кумарында» Акылбек аттуу башкы каарман согуштан бутунан ажырап, майып болуп келет. Айылда аны оор тагдыр күтүп турган. Автор бул чыгармасында да баш каармандын согуштан кийинки тагдыры жөнүндө сөз кылат, бирок Аянкулдукунан айырмаланып, башкача мамиле кылат. Аянкулду айылына келгенде Дүйшөнгө окшогондордун тобуна туш болушу күтүп турса, Акылбекти өмүрлүк жарым болот деген Күлсүн зулум Узагалынын чеңгелинде калганы күтөт. Бирок Акылбек активдүү, турмушка көз карашы кайраттуу, ал мындай зулумдарга каршы күрөшөт. Ошондой эле Акылбектин руху бай, ниети ак. Жазуучу анын адамдарга жасаган мамилесин, туулган эл, киндик кан тамган жерине чын жүрөктөн мамиле жасап, анын бейпилдигин бузгандарга жек көрүүсү артып турушун чыгармадагы окуялардын жүрүшүндө ишенимдүүлүк менен элестүү сүрөттөйт.

«Аянкулдагы» идеялык-тематикалык багыт «Жашоо кумарында» андан ары улантылгандыгын да белгилей кетүү абзел. Бирок, повестте жашоо кумарын таанытуучу чыгарманын негизги лейтмотиви өзгөчөлөнүп даана көрүнүп же сезилип турбастан, башка майда сюжеттик мотивдерге аралашып, жутулуп кеткендиги «Жашоо кумарынын» «Аянкулдун» сюжеттик курулушуна салыштырмалуу саал бошоңураак иштелгендигинен кабар берет, ошентсе да, чыгарма бир топ дурус ийгиликтүү табылгаларга, өз алдынчалуулукка ээ.

Аталган повесттерде жазуучу элдин башына оор мүшкүл салган согуштун кесепетинен ошол мезгилдеги адамдардын оор турмушун, тарткан азап-тозокторун көркөм иликтөөгө алып, каармандары аркылуу согуштан кайткан жоокерлердин образын ийгиликтүү ачып бере алган.

К.Жусупов сөздү аздектей билгендигин, образ түзүү, пейзаж тартуудагы чеберчилигин, каармандардын ички дүйнөсүн, нравалык сапаттарын кандай жол менен, мейли, автордун баяндоосу, мейли каармандардын диалогу аркылуу ишенимдүү ачып бере ала тургандыгын «Карагайчылар» аттуу повести менен да бекемирээк далилеп бере алган.

60–70-жылдардагы адабияттын өнүгүү процессинде көптөгөн темалардын ичинен жаш адамдын – жаңы муундун калыптанышы адабиятта башкы темага айлангандыгы көптөгөн чыгармачыл өкүлдөрдүн калеминен жаралган көркөм туундуларынан улам белгилүү. Алсак, бул жылдары Т.Касымбековдун «Адам болгум келет», Ч.Айтматовдун «Делбирим», «Бото көз булак», Ө.Даникеевдин

«Бакир», «Кыздын сыры», А.Жакыпбековдун «Сагын», М.Гапаровдун «Кыштакча» өңдүү ж.б. көптөгөн чыгармалар окурмандарга жеткен.

Жаш адамдын калыптануусу, өзүн-өзү таануусу, турмуштан өз ордун, өз жолун табуусу, нравалык жактан жетилиши ал жылдары жалпы эле совет адабиятындагы актуалдуу темалардан болгондугу ачык көрүнөт. К.Жусуповдун аталган повести да бул темага өзүнүн үнүн белгилүү деңгээлде кошкон чыгармалардын бири.

Жазуучу бул чыгармасында башкы каарманы Болотбектин адамдык, адеп-ахлактык, нравалык сапаттарын арттыруу үчүн турмуштун татаал сыноосуна салып, тарбиялоого ык коёт. Болотбек өзүнүн айылдаштары менен ызгаардуу кыш күндөрүндө биринчи жолу тоого карагай кыюуга аттанат. Эмгектин оор шарттарында жаш каарман турмуштун татаал кубулуштарын көрөт, адамдар арасындагы мамилелерди байкайт, айылда жүргөндө анча билинбеген адамдардын сонун дүйнөсүнө күбө болуп, сезип-туят. Ошолор аркылуу Болотбек өзүн да башкача, кайрадан жаралгандай сезет. Повестте жазуучу жаш каармандын мүнөзүндөгү өзгөрүүлөрдү, нравалык изденүүлөрдү сүрөттөйт.

Повесттеги окуялар кадыресе жөнөкөй болгону менен жазуучу тарабынан каармандын жашоонун маңызы жөнүндөгү ой жүгүртүүлөрү эң эле жөндүү, ишенимдүү коюлган. Ошондуктан, «Карагайчылар» повести сюжеттик-композициялык курулушу жагынан, көркөмдүк деңгээли жагынан, образ түзүүнүн өзгөчөлүгү жагынан да өтө жыйынтыктуу, чың түзүлгөн, жогорку көркөм чеберчиликте иштелген жагымдуу чыгарма деп баалоого, жыйынтык чыгарууга татыктуу десек болот.

Жаш каармандын турмушту таанып-билүүсү, нравалык жактан калыптануусу жазуучунун «Күлгүн курак» повестинин да сюжеттик өзөгүн түзөт. Чыгармада башкы каарман – сүрөтчүлөр окуу жайында окуган шаардык улан Айдардын туулуп-өскөн айылында өткөргөн каникул учуру сүрөттөлөт. Жазуучу повестте мал чарбачылык менен алектенген айылдын жай турмушун, андагы адамдардын жасалмаланбаган, жашоонун өзүндө кандай болсо дал ошондой кулк-мүнөзүн, бири-бирине кылган мамилелерин, карым-катышын, салт-санаасын чагылдырып берет. Автор бир жагынан чыгармадагы башкы каармандын жекече кулк-мүнөзүнүн өсүп-өнүгүшүн, калыптанышын иликтөөгө алса, экинчи жагынан турмуштагы орду, кулк-мүнөзү мурунтан эле калыптанып калган белгилүү адамдардын жорук-жосундарын сүрөттөө менен айылдын өсүп-өнүгүү процессинин жалпы деңгээлин анализдейт.

Жазуучунун башка повесттериндегидей эле, «Күлгүн куракта» да мүнөзүнүн өзгөчөлүгү, бөтөнчөлүгү менен айырмаланып турган кейипкерлерге Апийимдин, Касымдын образдарын да кошсок болот. Апийим чыгармада сүт ташыгыч машинасы менен бир ферманын сүтүн ташыйт. «Темирдин тилин мен гана билем» деп мактанганы болбосо, эч убакта мен мындай иштеймин, менсиз ферманын күнү өтпөй калат деп мактанбайт. Каармандын эмгекчил адам экендиги окуянын жүрүшүндө уламдан-улам ачылып жүрүп отурат.

Жазуучунун «Аянкул», «Жашоо кумары», «Карагайчылар», «Күлгүн курак» аттуу повесттерин окуган окурман ишенимдүү түзүлгөн мүнөздөрдүн, адам мамилелеринин татаал дүйнөсүнө аралашат. Сөз токойчулар бригадасы менен бирдикте карагай кыюу менен чектелбестен, нравалык жактан жетилүүнүн сыноосунан өтүп жаткан жаш каарман Болотбек жөнүндө болбосун, же жазуучу согуштан майып болуп келген фронтовик Аянкулдун жана анын иниси Керимдин таржымалын баяндабасын, же жарык дүйнөнүн босогосун эми аттай турган наристенин келечеги, өзүнүн тунук сүйүүсү, элдин ишеними үчүн кыядан учканы жаткан машинанын дөңгөлөгүнө таяныч болгон Акылбектин тагдырын сүрөттөбөсүн, же шаардык улан Айдардын айыл турмушуна болгон симпатиясын сөз кылбасын, булардын ар биринде турмуш чындыгын көркөм чындыкка чебер, ишенимдүү айландыруу менен каармандарынын мүнөздөрүн жакшы менен жаманды, адамгерчилик менен абийирсиздикти, ак ниеттүүлүк менен кара өзгөйлүктү катар, карама-каршы коюп терең талдап, ачып берген автордун талантынын артыкчылыгы, чыгарма жазуу стилинин бөтөнчөлүгү бекем далилденет.

Жыйынтыктап айтканда, К.Жусуповдун биз сөз кылып талдоого аракет кылган повесттери жазуучунун көркөм сөздүн мыкты чебери экендигинин, каармандардын образын түзүүдө алардын психологиялык абалдарына, ички дүйнөлөрүнө аяр, кылдат мамиле жасай алгандыгын, адамдын жан дүйнөсүнө, психологиясына курчап турган чөйрөнүн, адамдардын мамилесинин бере турган, берген таасирлерин ачып берүүдө фактыларды, көзгө көрүнбөгөн (көрүнсө да маани берилбеген) көрүнүштөрдү көркөм сөзгө чебер айландыра ала тургандыгын, турмуштагы реалдуулукту өтө жөнөкөйлүк менен көркөм чындыкка өтө эпчилдик менен ишенимдүү алып чыга ала тургандыгын айныксыз далилдеген, көркөмдүк-нравалык касиеттери, тарбиялык мааниси күчтүү чыгармалар деп бааласак аша чапкандык болбос. Ошондой эле ушундай артыкчылыкка ээ болгон чыгармалар авторунун чыгармачылыгында бараандуу орунду ээлейт жана мезгилдеш жаралган башка чыгармалардан өзүнүн жазылуу стили, сюжеттик-композициялык курулуш артыкчылыгы менен айрыкча бөтөнчөлөнүп, көркөм адабияттын бийик деңгээлге көтөрүлүүсүнө зор салым кошкон десек да болот.

Диссертациянын экинчи главасынын экинчи параграфы **«Ыр сабындагы өмүр» чыгармасынын жанрдык-стилдик табияты»** деп аталат. Кыргыз поэзиясынын заманбап жазма поэтикалык-эстетикалык деңгээлге көтөрүлүшүнө салым кошкон, белгилүү акыныбыз Алыкул Осмоновдун көп кырдуу көркөм дүйнөсүнө арналган көптөгөн маалыматтар, илимий-публицистикалык изилдөөлөр адабиятыбызда арбын жазылып келгендиги баарыбызга белгилүү. К.Жусуповдун «Ыр сабындагы өмүр» аттуу чыгармасы акындын өмүрүнөн, чыгармачылык өнөрканасынан жакшы натыйжалуу маалымат берген, ошону менен бирге эле жазуучунун өмүр жолунда эң негизги орунду ээлеген, анын талантын, чыгарма жазууга болгон шык-жөндөмүн таасын, ишенимдүү ачып

бере алган чыгармаларынын биринен болуп эсептелет. Бул чыгарманы окууда окумуштуу Омор Сооронов белгилегендей, мындан поэтикалык ыргакты да, илимий мамилени да, прозалык, мемуардык стилди да жолуктурабыз [Сооронов, О. өмүр жөнүндө баян // Кыргызстан маданияты. – 1975. – 12-июнь].

Жазуучунун бул чыгармасы жарык көрөөрү менен коомчулук көңүлүн өзүнө бурдурган, жакшы пикирлерге арзыган мыкты чыгармалардан болуп калгандыгы автордун чыгармачылыгына саресеп салган бир топ маданият ишмерлеринин, адабиятчы, сынчылардын бул чыгарма жөнүндө басма сөз беттеринде айтылган ой-пикирлеринен улам ачык далилдүү десек болот.

Адабий процессте, деги эле адабияттын дүйнөлүк тарыхында өмүр баяндык чыгармалардын чоң салты бар экендиги баштан белгилүү. Алардын ичинен чыгармачыл инсандар туурасында жаралган чыгармаларды алсак, казак адабиятынан М.Ауэзовдун «Абай жолу» роман-эпопеясы, татар адабиятынан Муса Жалилдин өмүрү жана чыгармачылыгына арналган Р.Мустафиндин «Баатыр акындын жолу», өзбек адабиятынан А.Акбаровдун «Гафур Гулям» аттуу чыгармалары, улуттук адабиятыбыздан Ш.Бейшеналиевдин «Болот калем», К.Маликовдун «Айланган тоонун бүркүтү», Т.Касымбековдун «Алымкан», Т.Абдумомуновдун «Сүйүү жана үмүт» драмаларын көрсөтсөк болот.

К.Жусуповдун повести да ошол салтты улантканы менен, аталган чыгармалардан жанрдык-стилдик жактан башкача маанайда жазылгандыгы менен бөтөнчөлөнүп турат.

К.Жусупов өзүнүн өмүрүндө А.Осмоновдун чыгармачылыгын туу туткандыгын, анын ырларынан дем, шык алгандыгын, акындын чыгармачылыгына дайыма кайрылып, аталган чыгарманы жазууга камдангандыгын «Түш», «Бир өткөн күн», «Көл менен жүздөшүү», «Көлдүн ээси» аттуу аңгемелерди жазгандыгы аркылуу далилдөөгө болот. Мына ушундай даярдыктардан өткөндөн кийин гана жазуучу акындын өмүрүнүн ачылбаган барактары жөнүндөгү көлөмдүү чыгарманы жазууга киришкен.

Чыгарма, ар кандай темадан сөз козгогон, ар кандай мотивдеги «Бет ачар», «Алгачкы махабат баяны», «Асыл жар жана перзент», «Көл кылаасы», «Акындын тамы», «Үч устат», «Акын казынасы», «Тыянак» деген бөлүмдөрдөн турат. Бөлүмдөрдө акындын бүтүндөй өмүр баяны баштан аяк катыша бербейт, маанилүүлөрү иргелип алынып, такталган фактыга таянуу менен, акындын жашаган үйү, колдонгон буюмдары, баскан-турган жерлери, сүйлөшкөн адамдары сүрөттөлүп, чыгармада айта турган ойду тереңдетүүдө, акындын образын ачып берүүдө зор кызмат аткара алышат. Жазуучу чыгармада керектүү болгон жерлерге кичинекей, майда окуяларга чейин киргизип, бирде илимий изилдөөгө жакындашып кеткен анализдик негизде, бирде кадимки көркөм чыгармадагы баяндоо формасында, бирде өмүр, өлүм, атак, даңк, талант, тагдыр тууралуу философиялык ой толгоо ыкмасында жазса, бирде тарыхка кайрылып,

каармандын лирикалык чыгармаларынан мисалдарды келтирип, аларды талдоого алып, акындын талантын өз алдынча таразалап, акынга баасын берген.

К.Жусуповдун бул эмгекти жаратууда акындын өзүнө окшоп «жем издеген барчындай», «ата-журт ичине сынган карападай чачылып калган» материалдарды жыйноого кеткен мээнети, эрдиги, аткарган кызматы ат көтөргүс. Бул эмгек жазуучунун акынга сүйүктүү окурмандарынын атынан тургузган эстелиги деп баалоого татыктуу, 1970-жылдардагы кыргыз прозасын стилдик-формалык жактан байыткан көркөм-документалдуу чыгарма.

Иштин үчүнчү главасы **«Көркөмдүк менен публицистикалуулуктун айкалышы К.Жусуповдун чыгармачылыгында»** деп аталып, ич ара эки параграфка бөлүнгөн. Биринчи параграф **«Жазуучунун эссе, очерк жанрларында жараткан ийгиликтери»** деп аталып, мында жазуучунун публицистикалык маанайда жазылган чыгармалары жөнүндө сөз болот.

К.Жусупов сюжеттүү чыгармалардын автору болуу менен адабиятыбыздын тарыхында дагы бир таланты менен орун алат. Анын очерк жанрындагы көптөгөн чыгармалары бул сөзүбүздүн ачык далили. Анын бул жанрда көп узангандыгын, улуттук адабий прозабыздын бул жанрда да өнүгүп-өсүшүнө чоң салым кошкондугун анын Италияга жана Японияга саякаттап баргандагы таасирлерин чагылдырган «Микеланджело мекенинде» жана «Япония элестери»; туулган жер, Ата журт темасындагы «Айылым жөнүндө баян», «Ата журт»; жана кыргыз күлүктөрү туурасында жазылган «Тулпар» аттуу чыгармаларын көрсөтсөк болот.

Ал эми эссе жанрында жараткан эмгектери да адабий процессте өзгөчө орунда турат. Дегеле 70-жылдардан тартып К.Жусуповдун чыгармачылыгында субъективдүү кыял чабытка негизделген эссеизм, публицистикалуулук басымдуу орун ээлей баштаганын байкоого болот. «Ыр сабындагы өмүрдөн кийин» чынында эле жазуучу бул жанрда окумуштуу Асанбек Табалдиевдин өмүрүнө арналган «Бир өмүрдүн сабагы» аттуу тарыхый-биографиялык, айрым акын жазуучулардын чыгармачылык бейнесине арналган «Адабий ажар» циклындагы адабий-сындык багыттагы эсселерин жараткан.

Жазуучунун «Байыркынын издери» аттуу эмгеги жалпы элибиздин тарыхын, маданиятын билүүгө, үйрөнүүгө өзгөчө салым кошо ала турганын белгилөө зарыл. Анткени, жазуучу бул чыгармасында байыркы кыргыздардын (б.з.ч. III кылымынан б.з. XII кылымына чейинки доордогу) тарыхына, маданиятына жана рухий дүйнөсүнө публицистикалык маанайда ой жүгүртүү менен жогорку деңгээлде ийгиликке жетише алган.

Китептин мазмуну боюнча айта турган болсок, чыгарма эки чоң бөлүмдөн турат. Биринчиси «Байыркы кыргыздардын тарыхына жана рухий маданиятына ой чабыт» деп аталса, экинчиси «Байыркыны издеген окумуштуу» деп аталат.

Чыгарманын биринчи бөлүмүндө кыргыздардын байыркы боордоштору жана кошуналары сактар, хунндар, үйсүндөр, дөөлөстөр жөнүндө тарыхый маалыматтар менен катар жазуучунун өзүнүн көз караштары окурмандарга

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

сунуш кылынат. Тактап айтканда, жазуучу бул ой жүргүзүүсүндө байыркы көчмөндөрдү жана кыргыздарды изилдеген окумуштуулардын эмгектерине таянып, ага улуттук оозеки санжыраны, оозеки чыгармачылыктагы материалдарды пайдаланып, тарыхый-илимий тактыкка умтулуу менен катар өзүнүн тарыхый-көркөм концепциясын, отурукташкан элдерден айырмалуу көчмөндүк цивилизация, маданияттын эстетикалык философиясы жөнүндө өзүнүн автордук позициясын берүүгө аракет кылган.

Эмгектин «Байыркыны издеген окумуштуу» деген экинчи бөлүмүндө отузунчу жылдары жалган жалаа менен атылып кеткен, жетимиш жылдай кыргыз коомчулугуна ысмын атоого тыюу салынган, эң баалуу кол жазмасы изилденбей, басмага жарыяланбай келген тунгуч тарыхчы Белек Солтоноевдин эмгеги изилдөөгө алынган.

К.Жусуповдун публицистикалык жанрдагы кайсы гана чыгармаларын албайлы, мейли очерк же эссесинби, адабий сындык же өмүр баяндык чакан макалалары болобу, же илимий-популярдык мүнөздөгү эмгектерин карап көрөбүзбү, бардыгында сүрөткердик көз караш, поэтикалык туюм, көркөм образдуулуктун катышы бар экендигин айкын сезе алабыз. «Баш каарман» кылып конкреттүү бир адамды алабы же мамлекет, шаарбы, же өзүнүн туулуп өскөн Ата журту, тоолорду алабы, жазуучу аларга биринчи иретте адабий-эстетикалык планда көз жиберип алып, анан гана публицистикага керектелчү факт-материалдарды, ыкма каражаттарды ишке киргизет. Жыйынтыгында сүрөткердик-жазуучулук ык менен факт, маалыматтарды ишке киргизүүнүн негизинде каармандардын образы түзүлөт. Ал образдардан фактылык материалга жараша эпикалык, драмалык, лирикалык касиет, сапат кадимкидей көрүнөт.

Үчүнчү главанын экинчи параграфы **«Жаншерик» – кыргыз калемгерлеринин өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу баалуу жыйнак»** деп аталат. Адабий кырдаалдын, ар кыл шартта өнүгүп-өсүү, жаңылануу процессинде бир топ чыгармаларды окурмандарга тартуулап келген жазуучунун кечээ жакында жарык көргөн (2007-жылы) «Жаншерик» аттуу жыйнагы да өзүнчө кеңири сөз кылууга арзыган, окурманды кайдыгер калтырбаган жыйнак экендигин аны барактаган ар бир жан эч кыйынчылыксыз эле баамдай алат.

К.Жусуповдун аталган жыйнагы автордун окурмандарына кайрылуусу менен ачылып, аңгеме, эсселеринен тартып, залкар инсандарга, замандаштарына арналган макала-эскерүүлөрүн, элибиздин руханий байлыгына, маданиятына, басып өткөн тарыхый жолуна сересеп салган ой толгоолорун, алыскы-жакынкы чет жерлерде болгон сапарлары жөнүндө жазылган эскерүү-макалаларын, бир мезгилдерде маданиятыбыздын тарыхында өзгөчө орунду ээлеген илимий-көркөм басылма «Ала-Тоо» журналында эмгектенген учуру, ага арналган эмгектерин, ошондой эле ар түрдүү темада берген маектери менен замандаш, досторунун, калемдештеринин өзү жөнүндөгү пикирлерин, каалоо-тилектерин камтыган көлөмдүү, мазмундуу, мааниси терең жыйнак болуп саналат. Тактап

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

айтсак, жыйнак «Аңгеме, эссе», «Залкарлар. Замандаштар», «Ой толгоолор», «Сапар санаты», «Ала-Тоо журналында», «Маектер», «Пикир. Алкоо» деген бөлүмдөрдөн турат.

Биз К.Жусуповдун бул жыйнактагы сөз өнөрүнө карата жазуучулук сын мүнөзүндөгү көз караштарына басым жасоого аракет кылдык. Жазуучу белгилүү акын-жазуучуларыбыз, өзүнүн замандаш-каламдаштары Ж.Садыков, Р.Рыскулов, Ш.Садыбакасов, К.Каимов, А.Жакыпбеков, М.Гапаров, Ө.Даникеев, Б.Жакиев, С.Жигитовдун атуулдук-адамдык бейнеси, чыгармачылык өзгөчөлүгү, чеберчилик салттары тууралуу окурмандар менен ой бөлүшөт. Бул макалалардан К.Жусуповдун дүйнөлүк батыш, чыгыш адабият тарыхынан, адабият теориясынан кеңири маалыматы, өзүмдүк түшүнүгү бар экендиги көрүнөт.

Жыйынтыктай турган болсок, жыйнак негизинен жазуучунун өмүр жолу, баштан кечирген катаал да, кубаныч-ийгилик коштогон да күндөрү менен кеңири тааныштыра алган, адабияттын тарыхында маанилүү өз орду бар, салмактуу жыйнак, адамдын өмүр сапарында руханий шерик болуучу жана көпчүлүккө турмушта, чыгармачылыкта үлгү болуучу өзүнчө бир бүтүндүктү түзүп турган көркөм чыгарма деп баалоого арзыйт.

## КОРУТУНДУ

Иштин Корутундусунда төмөндөгүдөй жыйынтыктар ортого коюлду:

– жазуучу «Эне кудурети» аңгемесинде эне менен Жер Эненин образын ачууда, «Аянкул», «Жашоо кумары» повесттеринде согуштан кайткан жоокердин мүнөзүн түзүүдө жана лирикалык каармандын образын жаратууда алгылыктуу ийгиликтерге жетишүү менен өзүнүн образ түзүү чеберчилигин көрсөтө алган;

– жаш каармандын нравалык жактан калыптанышын талдоо, көркөм иликтөө «Карагайчылар», «Күлгүн курак» повесттеринде ийгиликтүү ишке ашып, бул темага арналган чыгармалардын катарын толуктаган алгылыктуу чыгармалардан болуп калган;

– лирикалуулуктун, романтикалуулуктун жазуучунун чыгармаларындагы аткарган кызматы алардын көркөмдүк кудуретин арттырууда зор роль ойноого жетише алган;

– жазуучунун «Тулпар» аттуу повести XX кылымдагы кыргыз көркөм сөз өнөрүнүн өнүгүшүнө өз салымын кошкон маанилүү чыгармалардын катарын толуктай алган;

– «Ыр сабындагы өмүр» – документалдуулук менен көркөм фантазиянын жуурулушусунан жаралган мыкты чыгарма болуп калган жана «Осмоновтаануу» илиминде өзгөчө орунду ээлөөгө жетишкен;

– жазуучунун «Бир өмүрдүн сабагы», «Жаз», «Ал бизди сулуулукка чакырат» ж.б.у.с. чыгармалары авторунун мыкты эссеист экенинин айныгыс далили;

– «Байыркынын издери» кыргыз коомчулугунда өтө маанилүү орун ээлеген, элибиздин бай тарыхынан адабий тилде жагымдуу маалымат берген чыгарма, келечек муун үчүн тарбиялык мааниси зор эмгек катары бааланууга тийиш;

– жазуучунун ата журтка арналган чыгармалары өзүнүн стилдик, жанрдык касиеттери менен кыргыз публицистикасынын өнүгүшүнө зор салым кошкон, ошондой эле окурмандардын мекенге болгон ызаат, сүйүү сезимин ойготуп, патриоттукка тарбиялаган чыгармалардын катарын толуктай алган.

Жогорудагылардан улам жыйынтыктап айтканда, К.Жусупов өзүнүн чыгармачылык изденүүлөрү менен башка жазуучулардан баяндоо тилинин жөнөкөйлүгү, стилинин артыкчылыгы, сөзгө чебер мамиле кыла билгендиги, кандай гана чыгарма жаратпасын, лирикалык, философиялык ой толгоолор менен көркөмдөп жаза билгендиги менен айырмаланып, кыргыз адабиятынын өнүгүүсүнө зор салым кошо алган кара сөздүн мыкты чебери экендигин далилдесе, чыгармалары адабиятыбыздын жанрдык жактан көп түрдүүлүккө жетүүсүндө, баюусунда баалуу кызмат аткарууга жетишкен.

Диссертациялык иштин негизги мазмуну төмөнкү макалаларда жарыяланды:

1. Өмүров, Б. К. Жусуповдун эсселери [Текст] / Б.Өмүров // Тил, адабият жана искусство маселелери. - 2013. - № 1,2. - 335-338-бб.

2. Өмүров, Б. Жаш каармандын образы К.Жусуповдун калеминде [Текст] / Б.Өмүров // Тил, адабият жана искусство маселелери. - 2013. - № 1,2. -339-344-бб.

3. Өмүров, Б. Улуттук баалуулук К.Жусуповдун калеминде [Текст] / Б.Өмүров // И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. - 2013. - № 2. - 138-140-бб.

4. Өмүров, Б. Жазуучу жазуучу жөнүндө [Текст] / Б.өмүров //
И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. - 2013. - № 2. -140-142-бб.

5. К.Жусуповдун "Жалгыз арча" аңгемесинде каармандын ички дүйносүнүн көркөм иликтениши [Текст] / Б.Өмүров // Кыргыз тили жана адабияты: К.Тыныстанов атындагы ЫМУ жана К.Карасаев атындагы БГУнун биргелешип чыгарган илимий журналы. - 2014. - № - 172-174-бб.

6. Өмүров, Б. Ыр сабындагы өмүр кыргыз прозасын жанрдык жактан тереңдеткен чыгарма [Текст] / Б.Өмүров // Кыргыз тили жана адабияты: К.Тыныстанов атындагы ЫМУ жана К.Карасаев атындагы БГУнун биргелешип чыгарган илимий журналы. - 2014. - № 26. - 175-177-бб.

7. Өмүров, Б. Каармандын көркөм дүйнөсүн иликтөө Кеңеш Жусуповдун алгачкы аңгемесинде [Текст] / Б.Өмүров // И.Арабаев атындагы КМУнун «Жарчысы». - Атайын чыгарылыш. «Манас» ааламы улуттук стратегиялык акыл-эстин жана мекенчилдиктин символу» аттуу жогорку окуу жайлар аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары. – 2014. – 219-221-бб.

8. Өмүров, Б. Кеңеш Жусупов – илимпоз жазуучу [Текст] / Б.Өмүров // Тюркская филология: современные подходы в исследованиях молодых ученых. Сборник материалов Международной научной конференции, посвященной году культуры в РФ и РБ, 95-летию со дня рождения Народного поэта Башкортостана Мустая Карима. – Стерлитамак, 2014. – 210-216-бб.

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

**Өмүров Бактыяр Жанышбековичтин 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн «Кеңеш Жусуповдун чыгармачылык изденүүлөрү» деген темада жазган диссертациясынын**

**РЕЗЮМЕСИ**

Өзөктүү сөздөр: жанрдык көп кырдуулук, композиция, лирикалык проза, адабий процесс, очерк, поэтика, психологизм, публицистизм, стиль, сюжет, чыгармачылык изденүү, көркөм система, эссе.

**Изилдөөнүн объектиси:** 60–90-жылдардагы кыргыз адабиятындагы, сынындагы жана адабият тануудагы процесстердин контекстинде К.Жусуповдун прозанын ар кыл жанрларындагы изденүүлөрү жана табылгалары.

**Изилдөөнүн максаты:** К. Жусуповдун көркөм системадагы индивидуалдуу бейнесин, жазуучунун чеберчилик табиятынын оригиналдуулугун ачып берүү, жазуучунун дүйнө таанымынын жана көркөм принциптеринин калыптануусундагы социалдык-тарыхый жана биографиялык контексттердин ролун аныктоо.

**Изилдөөнүн методдору тарыхый-адабий изилдөө традициясында апробацияланган:** индивидуладуу көркөм системадагы тарыхый-типологиялык анализ, жазуучунун улуттук адабиятка кошкон новатордук салымынын маанисине теоретикалык анализ, адабий мүнөздү жана акыйкаттуулуктун конфликттерин өздөштүрүүдөгү синтез катары чыгармачылыкты изилдөө.

**Алынган натыйжалар жана иштин жаңылыгы:** жазуучунун чыгармачылык индивидуалдуулугунун калыптануу мүнөзүн, чеберчилигинин өзгөчөлүгүн, реалдуу контекстте («Ыр сабындагы өмүр») лирикалык жана романтикалык башаттын айкалышындагы жанрдык-стилдик табияттын өзүнчөлүгүн, көркөмдүүлүк менен документалдуулуктун биримдигин изилдөө аркылуу К.Жусуповдун улуттук адабияттагы чыгармачылык ордун жана маанисин аныктоого аракет кылынды.

**Колдонуу боюнча сунуштар:** диссертациянын негизги жобосу филологиялык академиялык процессте («Кыргыз адабиятынын тарыхы» курсу, атайын курстар жана семинарлар) кыргыз адабиятынын тарыхын окуп үйрөнүүдө, Борбордук Азиянын гуманитардык факультеттеринин жана Кыргызстандын жалпы билим берүүчү мектептеринин окуу программаларын жана окуу куралдарын түзүүдө колдонулушу мүмкүн.

**Колдонулуу чөйрөсү:** изилдөөнүн жыйынтыктары аны орто жана жогорку гуманитардык билим берүүнүн форматында колдонууга, ата мекендик маданият жөнүндөгү билимди жайылтууга багытталган, анткени К.Жусуповдун бир катар чыгармалары тийиштүү жогорку окуу жайлардын жана мектептердин программаларына киргизилген. Изилдөөнүн жыйынтыктары педагогдорго, аспиранттарга, студенттерге илимий багыт бериши мүмкүн.

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

# РЕЗЮМЕ

**диссертационной работы Өмүрова Бактыяра Жанышбековича «Творческие искания Кеңеша Жусупова» на соискание учёной степени кандидата филологических наук Специальность 10.01.01 – кыргызская литература**

Ключевые слова: жанровое многообразие, композиция, лирическая проза, литературный процесс, очерк, поэтика, психологизм, публицистизм, стиль, сюжет, творческие искания, художественная система, эссе.

**Объект исследования:** поиски и находки жанрового многообразия прозы К.Жусупова в контексте кыргызской литературы и литературоведческого процесса 60–90-х гг.

**Цель исследования:** выявление индивидуальных черт художественной системы К. Жусупова, оригинальности природы мастерства писателя, определение роли социально-исторического и биографического контекстов в формировании художественных принципов и видения мира писателем.

**Методы исследования апробированы в историко-литературной исследовательской традиции:** историко-типологический анализ индивидуальной художественной системы, теоретический анализ значения новаторского вклада писателя в национальную литературу, исследование творчества как синтеза освоения литературой характера и конфликтов действительности.

**Полученные результаты и новизна:** исследованы характер формирования творческой индивидуальности писателя, особенности мастерства, своеобразие жанрово-стилевой природы в сочетании лирического и романтического начал в реалистическом контексте («Жизнь в стихах» – «Ыр сабындагы өмүр»), единстве художественного и документального, и таким образом сделана попытка определить место и значение творчества К. Жусупова в отечественной литературе.

**Предложения по использованию:** основные положения диссертации могут быть использованы при изучении истории кыргызской литературы в филологическом академическом процессе (курс «История кыргызской литературы», спецкупсы и семинары), при обновлении содержания учебных программ и пособий гуманитарных факультетов Центральной Азии и общеобразовательной школы Кыргызстана.

**Область применения:** результаты исследования нацелены на его применение в формате среднего и высшего гуманитарного образования, на распространение знаний об отечественной культуре, поскольку ряд произведений К.Жусупова включены в соответствующие вузовские и школьные программы. Результаты исследований могут сориентированы также на их использование педагогами-словесниками, аспирантами, студентами.

# RESUME

**of Omurov Baktyiar Janyshbekovich the «Creative research of Kenesh Jusupov» thesis work for graduate degrees of Cand. Sc. {Philology}**
**Major 10.01.01 – кyrgyz literature**

**Key words:** genre diversity, contexture, lyric prose, literary process, sketch, poetics, psychologism, journalistic genre, style, subject matter, creative research, artistic system, essay.

**Target:** the evolutionary process in the Kyrgyz prose; creative research of K. Jusupov in the context of genre diversity; evolution world outlook approaches in the Kyrgyz criticism and literary studies from 60's till 90's.

**Object:** K. Jusupov individual traits of artistic system identification, nature originality of the writer touch, role definition of social-historical and biographic contexts at artistic principle design and peace imaging by the writer.

**Research methods have been tested in the historical and literary research tradition:** historical-typological analysis of individual art system, theoretical analysis the values of the writer's innovative contribution to the national literature, the study of creativity as a synthesis of literature character exploitation and the conflict of reality.

**Obtained results and novelty:** It was investigated the character of the formation of creative individuality of the writer, particularity of his skills, originality of genre-style nature in combination of lyrical and romantic start at realistic context («Life in the poems» – «Yr sabyndagy omyur»), the unity of artistic and documentary, and thus it was attempted to determine the place and the importance of K. Zhusupova art in the native literature.

**Usage proposal:** the main provisions of this thesis work can be used by history studies of the Kyrgyz literature during philological academic process, by content study programs refreshment and textbook of the Arts School of the Central Asia and general education school of Kyrgyzstan.

Sphere of application: survey results are aimed upon application in secondary and highest liberal arts education format, for spread of knowledge about native culture, as far as a number of K. Jusupov's works have been included at some university's and school's programmes. The survey results also can oriented on teachers-man of letters usage, post-graduaters, students.